УДК: 141

*Сооронбаева Ч. К., ага окутуучу*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

# СОЦИАЛДЫК ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЭКОЛОГИЯ – КЫРГЫЗ ДҮЙНӨТААНЫМЫНЫН ЭТИКАЛЫК ТҮШҮНҮМДӨРҮ

*Этно-экология социалдык экология менен шайкештикте изилденип, азыркы адамзаттын Табиятка терс мамилеси курчуп турганда, бардык тирүү жандарды аман алып калуу эң актуалдуу маселелердин бири катарында каралышы керек. Кыргыз эли – байыртан бери Табият менен эриш-аркак жашагандыктан, анын жаратылышка болгон мамилеси этикалык нарк категориясына чейинки даражага көтөрүлгөн. Социалдык-экологиялык иликтөөлөр олуттуу илимий жолго коюлуп, системалуу каралып, жалпы коомчулуктун жана мамлекеттин карамагындагы орчундуу маселелердин бири болуусу кажет. Социо-табигый философиялык көз караштардын туундусу катары аталган илим адамдын, коомдун жана табияттын өз ара аракеттенүүсүнүн принциптерин аныктайт. Ошону менен бирге, адамдардын коомдук функциясынын көрсөткүчү болуп, жашоо чөйрөсүндөгү өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Социо-табигый комплекстүү илим жаштарга экологиялык билим берүү жана тарбиялоо процессин теориялык жана практикалык жактан аныктайт.*

*Адамзат үчүн жалпы биосферага этият мамиле жашоо өрнөгүнүн ачкычы болуп калууга тийиш, анткени Табийгатта бир дагы ашык нерсе жок. Бардык табигый процесстер миллиондогон жылдардан берки калыптанган өзөктүү мыйзамдары менен жашап келет. Мисалы, “азыктануу чынжыры” бир эле жеринен “үзүлүп” кетсе, бүтүндөй биологиялык түргө доо кетет да, анын кесепети био-социалдык, эпидемиологиялык, азык-түлүктүк жана башка күтүүсүз апааттарга алып келиши мүмкүн.*

*Жалпысынан айтканда, этно-экология улуттук нарк-насилдин, этикалык тарбия-таалимдин каражаты болуп эсептелет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *социалдык экология, улуттук нарк, этноэкология, табият менен адамзат шайкештиги, мамлекеттик экологиялык мыйзамдар, социо-табигый биримдик, биосоциалдык илимдер, улуттук экология, улуттук нарк жана салттар.*

*Сооронбаева Ч. К., ст. преподаватель*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

# СОЦИАЛЬНАЯ ЭКОЛОГИЯ И ЭТНОЭКОЛОГИЯ – ЭТИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ КЫРГЫЗСКОГО МИРОВОЗЗРЕНИЯ

*Социальная экология и этноэкология являются неотъемлемыми элементами общественного сознания кыргызов. Издревле кыргызы жили в гармонии с природой. Это была и экзистенциальная необходимость совместного выживания, и образ мышления, и способ пожизненной деятельности народа, который существовал в лоне дикой природы.*

*Экологическое сознание есть признак социальной ответственности перед обществом и природой. Кем бы человек ни работал, какой бы профессией ни обладал, он обязан рассматривать свое место в обществе в связке социально-экологической целостности социума. Национальная честь обязывает к тому, что “Человек и Природа”, “Общество и государство” не могут рассматриваться отдельно друг от друга. Воспитание подрастающего поколения в контексте неразрывного единства этих понятий закладывается с малых лет как неотъемлемая составляющая национального менталитета. Только экологически сознательный гражданин может вносить свой вклад в развитие национальной культуры и экономики. В условиях противоречивого развития современного мира этно-экологические дисциплины способны формировать устойчивую социальную психику личности. Поэтому каждая нация должна формировать крепкое экосознание своих граждан.*

***Ключевые слова****: этноэкология, социоприродное единство, экологические законы, национальная психология, социальная экология, экологическое воспитание, национальная честь и гордость.*

*Sooronbaeva Ch. K., Senior Lecturer of Issyk-Kul State University named after K.Tynystava, Kyrgyzstan*

## SOCIAL ECOLOGY AND ETHNOECOLOGY – ETHICAL PRINCIPLES OF THE KYRGYZ WORLDVIEW

*Social and ethnoecology are integral elements of the public consciousness of the Kyrgyz nation. Since ancient times, Kyrgyzian lived in harmony with the Nature. It was both an existential need for joint survival, and a way of thinking and a way of life-long activity of the people that existed in the bosom of the wild nature.*

*Ecological consciousness is a mark of social responsibility for normal balance of society and nature. Whoever a person works, no matter what profession he has, he is obliged to consider his place in society in conjunction with the socio-ecological integrity of society. National honor obliges that "Man and Nature", "Society and State" unity cannot be considered separately from each other. The upbringing of the younger generation in the context of the inseparable unity of these concepts is laid from childhood as an integral part of the national mentality. Only an environmentally conscious citizen can contribute to the development of the national culture and economy. In the conditions of the contradictory development of the modern world, ethno-ecological disciplines are able to form a stable social psychology of the individuals. Therefore, every nation must take care for form a strong eco-consciousness of its citizens.*

***Key words:*** *ethnoecology, socio-natural unity, ecological laws, national psychology, social ecology, ecological education, national honor and pride, national traditions.*

Улуттук экология – калк ичиндеги ынтымактын күзгүсү, мамилелердин тазалыгынын көрүнүшү, ак ниет коомдук жана мамлекеттик ишмердиктин уюткусу.

Социалдык экология этно-экология менен шайкештикте изилденип, азыркы адамзаттын Табиятка терс мамилеси курчуп турганда, бардык тирүү жандарды аман алып калуу эң актуалдуу маселелердин бири катарында каралышы керек. Социалдык-экологиялык иликтөөлөр олуттуу илимий жолго коюлуп, системалуу каралып, жалпы коомчулуктун жана мамлекеттин карамагындагы орчундуу маселелердин ири алдында болуусу кажет. Социо-табигый философиялык көз караштардын тундусу катары аталган илим каражаты адамдын, коомдун жана табияттын өз ара аракеттенүүсүнүн принциптерин аныктайт. Ошону менен бирге, адамдардын функциясынын жана жашоо чөйрөсүндөгү өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Социо-табигый комплекстүү илими жаштарга экологиялык билим берүү жана тарбиялоо процессин теориялык жана практикалык жактан аныктайт.

Адамзат үчүн жалпы биосфера жашоо өрнөгүнүн ачкычы болуп калууга тийиш, анткени Табиятта бир дагы ашык нерсе жок; бардык табигый процесстер миллиондогон жылдардан берки калыптанган өзөктүү мыйзамдары менен жашап келет. Мисалы, “азыктануу чынжыры” бир эле жеринен “үзүлүп” кетсе, бүтүндөй биологиялык түргө доо кетет да, анын кесепети био-социалдык, эпидемиологиялык, азык-түлүктүк жана башка күтүүсүз апааттарга алып келиши мүмкүн.

Этноэкологиянын тили менен айтканда, кыргыз эли – байыртадан бери Табият менен ажырагыс биримдикте жашап келген улут. “Тоодогу экстремалдуу турмушта жашап, табияттын (Теңирдин) жашоо эрежесин бузуп, табиятка туура эмес мамиле жасаса, жазасы сөзсүз болорун ар бир кыргыз унуткан эмес. Анткени өзү Табият менен камыр-жумур болуп жашаса, өзүнө каршы иш кылмак эмес. Кыргыздарда жайчылык,

мындайча айтканда, аба ырайына таасир бере алган касиет өнүккөн. Мисалы, жайчылар керектүү убакта жаан жаадырып же бороон-чапкынды токтото алышканы “Манас” эпосунда жана башка элдик оозеки чыгармачылыкта таасын айтылат. Ошол жайчылык өнөр Тибеттин каардуу климатында күн көрүшкөн кыргыз тилдүү калктарда сакталып калган.

Ошондой эле “адал”, “арам”, “кесир”, “убал”, “сооп”, “пейил”, “көңүл” деген сыктуу этикалык тангыс категорияларды да иштеп чыккан калк – кыргыздар [1: 75].

Кыргыздар кайберендердин аялуу тукумун кырып албайлы, аюу, жолборс, карышкыр, кашкулак сыяктуу жапайы жырткычтарды тукум курут кылып албайлы, колдогу малды жайытка чыгарганда сарамжалдуулук менен башкаралы деп кеңешип иш кылышкан. Элдик оозеки чыгармалардагы мифонимдерде, уламыштарда жана тотемдерде адам менен Жаратылыштын ажырагыс байланышын абдан сүймөнчүлүк менен айтылып келген. “Адамдардын жаратылышка мамилеси, башкача айтканда, кыргыз элинин байыртан берки жаратылыштагы жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө кандай мамиле жасап келгендиги фольклордук чыгармаларда да чагылдырылган. ...элдин аң-сезиминде жаратылышка (айбанаттарга, канаттууларга, өсүмдүктөргө) этияттык менен мамиле кылуу деген түшүнүктөрдү калыптандырбай койгон эмес... Элибиздин рухий зор байлыгы болгон “Манас” эпосу, ошондой эле “Эр Төштүк”, “Кожожаш”, “Карагул ботом” жана башка көптөгөн майда эпостор канча мезгилдерди басып өтүшсө да, ушул кезге чейин эл арасында маанилүү. Мындагы таасирдүүлүктүн бири – ал чыгармаларда айлана-чөйрөнү, айбанаттарды, канаттууларды сактоо, аларга этияттык менен мамиле жасоо ойлору терең сакталган” [2: 75-76].

Социалдык экология – биосоциалдык илим. Ал адам менен биосферанын карым-катнаштарын изилдейт. Биосоциумдун уюштуруу, функционалдашуу жана чогу өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Албетте, Табият менен Коомдун ортосунда келе жаткан карама-каршылыктардын кесепеттерин азайтуунун жолдорун да издейт.

Бул түшүнүм аппаратына адам экологиясы, глобалдык экология да кирет. Табиятты коргоону илимий жолго салуу адамдардын табигый ишмердигин туура жолго салууга багыттоо менен, Коомдун жана Жаратылыштын шайкештигинин илимий жолдорун изилдейт. Батыш өлкөлөрүндө изилденип жаткан колдонмо экология жана социозоология кыргыз элинде кылымдар бою иш жүзүндө колго алынып келгени – тарыхый факт. Демек, кыргыз улутуна тиешелүү аң-сезимдин экологизми табияттын жана жаныбарлардын психикасын, тилин билип, табиятка зыяны тийбей турган иш-аракеттерди жасоого көмөк берип келген.

Адам баласынын табиятка жана анын кубулуштарына карата болгон мамилеси ар бир цивилизациялык доор алмашкан сайын өзгөрүлүп турат. Мисалы, кыргыздардын байыртан берки келе жаткан руханий экологизми – элдин турмуш-шарттарына жараша жаратылыштын ар кандай шарттарына карата ыңгайлап жашашынын натыйжасы.

Экологиялык аң-сезим мал киндиктүү жана дыйканчылыкка ыңгайлуу аймакты жердеген калктын тубаса касиети десек болот. Табияттын ар кандай кубулуштарынын сырларын билген элибиз ошол шарттарга сереп салуу менен, алдыда боло турган табигый өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, мал чарба жана дыйканчылык чарбачылыгын алдын ала уюштуруп келген. Мисалы, дыйканчылыкта Айдын фазаларына, Үркөрдүн асмандын ар кыл багытындагы көрүнүшүнө карата малдын төлү, жайыт которуу – жаздоо, жайлоо, күздөө жана кыштоо которуу – иретин аныктап келген. Дыйканчылыкта болсо, “Айды карап айдап-сеп” жана “Ай багыты – иш сапары” деген эрежени туура колдонууга аракет кылып келишкен. Ай фазаларын жана жылдыздарды санаган эсепчилер болгон. Алар аба ырайынын кандай болорун алдын ала айта алышкан. Элдик

эсепчилер, “азыркы түшүнүк боюнча алганда, метеорологиялык фактыларды тыкандык менен салыштырып, аларды өз ыкмалары аркылуу талдап, белгилүү даражада туура жыйынтыкка келүүлөрү” [3: 55] факт болгон. Бул прогноздук көз караштар абдан чоң жоопкерчиликти талап кылган.

Жер-сууга болгон мамиле кыргыз элинде бийик моралдык сапаттардын императиви болгон. Сууга жана жайытка, дыйканчылык талаасына жасаган мамиле аркылуу калктын руханий-адеп-ахлактык абалын билүүгө болот. Азыркы тапта бул эрежени туура туткан адамдардын азайганы байкалат. “Сууну өйдө жагынан булгабайлы, ылдыйкы айыл да ичет”, “Суу сыйлаган зор болот, суу кордогон кор болот”, “Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген”, “Суу – өмүрдүн булагы” , “Эл башы болгончо, суу башы бол” деген сыяктуу көптөгөн макал-лакаптар бекеринен келип чыккан эмес. “Жаман койчу жайытын бир күндө түгөтөт” деген лакаптын дагы мааниси абдан терең. Анткени жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу аркылуу малдын ортодон кем эмес семиздигин камсыздоо маселеси чечилмекчи. Жаздоодон жайлоого өтүп жаткан мезгилдерде адегенде уйлар оттогон, себеби алар чөптү тили менен күрмөп жейт. Андан кийин койлор жайылган. Жылкы чөптү эң түбүнө чейин тиштеп оттогондуктан, эгер алар биринчи жайылса, калган мал ач калышы мүмкүн.

Кыргыздардын экофилософиясы, демек, зор практикалык мааниге ээ болгон. Мисалы, “орто кылымдардагы кыргыздардын социалдык-философиялык ойлору Жусуп Баласагындын, Махмуд Кашгаринин, Асан Кайгынын, Толубай Сынчынын, Санчы Сынчынын мурастарында, айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыкта ачык туюнтулган. Кыргыз эли эпосторго, ырларга, дастандарга, жомокторго, макал-лакаптарга ж. б. өтө бай жана алардын көпчүлүгү философиялык идеялар менен терең сугарылган” [4: 395].

“Социалдык экология” жана “Этноэкология” илимдерин изилдөө менен катар, аларды сабак катары окутуу үчүн башка гуманитардык жана табигый илимий тармактарды дагы (философия, коом таануу, социология, психология, география, физика, химия, биология) колдонуу керек болот. Негизинен, социалдык экология адамзаттын аман калышынын практикасын изилдеген илим болууга тийиш. Мектептерде жана ЖОЖдордо “Экология” сабагы жандуу өтүп, ар бир тирүү жаныбар менен адамдын бүгүнкүсү кандай, жана эртеңкиси кандай болот деген маселе кабыргасынан коюлуп, окуучулардын аң-сезиминин өзгөрүшүнө түрткү берилиши керек. Ошондуктан экологиялык терең сабаттуулук интеллектуалдык гана эмес, этикалык мааниге да ээ болушу керек. Ар бир адам табияттын тазалыгын өз милдети катарында сезип, жаратылыштын алдында да ар бир баскан кадамы үчүн жоопкерчиликти сезмейинче, ал толук кандуу инсан катары саналбайт. Руханий тазалык, эс алуу тартиби, таштандысыз жашоо адебин ар бир үй-бүлө илгерки кыргыздардай кармоосу абзел. “Көрүнгөн жерге таштанды калтырба”, “сууга сийбе, сууну булгаба”, “жерди өрттөбө” деген сыяктуу императивдер ар бир үй-бүлөнүн, окуу жайларынын этикалык талаптарына кириши абзел. Ушул себептүү экологиялык илим-билим менен кошо тарбия-таалим берүү коомчулуктун конституциялык милдети катары саналат [5: 285].

Экологиялык аң-сезим – эң оболу зор жоопкерчиликтин белгиси. Кандай гана кесиптин ээси болбосун, ар бир инсан өзүнүн коомдогу ордун социалдык-экологиялык байланышта карашы ылаазым. Ал эми коомдун компетенттүү атуулу болуу рационалдуу экологиялык алдыңкы көз караште болуу менен байланышта болуусу кажет. Ар бир кесип – учурдагы экологиялык дүйнөтааным менен тикелей байланышта болгондо гана коом туура өнүгүүгө багыт алмакчы. “Адам-Табият” биному, “Коом-Жаратылыш” биримдиги ажырагыс бүтүндүктө деген түшүнүк ар бир өсүп келе жаткан муундардын

менталитетине орногондо гана ар бир адам экономикага жана маданиятка өз салымын кошо алат жана социалдык-экономикалык өнүм жолун туура баалайт.

Этно-экологиялык дисциплинанын негизги максаты катарында окуучулар менен студенттерди Адам-Коом-Табият биримдигинин маңызын түшүндүрүү менен катар, экологиялык сабаттуу, коомдук жигердүү инсандарды калыптандыруу эсептелет. Ал үчүн тийиштүү деңгээлде илимий маалыматтарга каныктыруу талап кылынышы керек. Азыркы дүйнөнүн кыйчалыш өнүгүп жаткан маалында ар бир улут этно-экологиялык билимдердин негиздерин билиши керек болот.

Эми этно-экологиялык дисциплиналар кандай маселелерге көңүл бурушу керек?

Биринчиден, социалдык экологиянын жана улуттук психологиянын илимий жолго коюлушу шарт; этно-экология башка илимий багыттардын жетишкендиктерин пайдалана алышы керек.

Экинчиден, “Адам-Коом-Табият” илимий тутуму социалдык жоопкерчиликтин чордону болуп, табиятка каршы аракеттердин кесепеттерин изилдеп чыгып, тийиштүү тыянактарды чыгарып, экинчи табиятка каршы мындай иштер болбошуна кепилдик берип, коомчулук бүт сабак алышы керек.

Үчүнчүдөн, этноэкологиянын теориялык негиздерин билүү менен катар, анын практикалык колдонуу ыкмаларын терең өздөштүрүү – социалдык-экологиялык көзөмөл менен айкаштырып, мамлекеттик жана эл аралык кызматташтыкта ишмердүүлүктү жайылтуу абзел.

Төртүнчүдөн, экологиялык психология, эко-маданият экологиялык тарбия-таалим берүү менен шайкеш келиши абзел.

Бешинчиден, окуучулар жана студенттер контингенти коом менен табияттын карым-катнаш механизмдери менен кеңири тааныш болуусу кажет; Экологиянын баштапкы мыйзамдарын билүүсү керек; курчап турган чөйрөнүн абалын изилдей билип, алдын-ала прогноз жасоону үйрөнүшү керек; экологиянын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана эрежелерин табиятты коргоо иштерине ылааттуу пайдалана билиш керек.

Алтынчыдан, экологиялык ой жүгүртүүнүн тарбиялык маанисин, “Адам жана Табият” деген бир бүтүн система экендигин билип, жаратылышка аяр мамиле жасоо тартибине көнүшү керек.

Жетинчиден, экологиялык ой жүгүртүүнун логикасын өздөштүрүп, улуттук нарк, салт жана насилдер менен коштоого үйрөтүү абзел; ошону менен катар, окуучулар менен студенттер өз алдынча жыйынтык чыгара билип, мыйзамдуу себептерди аныктай ала турган касиетке ээ болушу керек.

Сегизинчиден, “Улуттук нарк” менен Экологияны байланыштыра билип, тийиштүү илимий булактарды пайдаланууну үйрөнүшү кажет.

Социалдык-улуттук Нарк экологиясы – био-социалдык илим-билим катары адамзаттын биосфера менен чогуу аракеттенүүсүн аныктаган комплекстүү илим болуп эсептелет жана экологиялык тартипти уюштуруу, функционалдаштыруу жана био-социумдун өнүгүү жолдорун билүүсү керек. Башкача айтканда, Адам менен Жаратылыштын ортосунда пайда боло калуучу карама-каршылыктарды жоюу, шайкеш өнүгүү мыйзамдарын билиши керек. Бул илимий каражаттардын улуттук гана эмес, глобалдык да мааниси зор.

**Адабияттар:**

1. Сарыгулов Д. И. Горы и высокогорье – колыбель человечества (антропосоциогенез и истоки Тюркской цивилизации). - Бишкек, 2018.

2. Байбосунов А. Жаратылыш жана адам: табигый кубулуштар жөнүндө элдик

түшүнүктөр. - Фрунзе: Кыргызстан, 1986.

3. Байбосунов К. С. Нациогенез кыргызов новой эпохи (интегральное исследование нового нациообразования). -Бишкек: Турар, 2012.

4. Мукасов Ы. М. Кыргыз руханий дүйнөсүндөгү этнософия. - Бишкек: Илим, 2010.

5. Токтакунова Э. Ж. Культ плодородия в земледельческой обрядности кыргызов. В сб.: Этносоциальные и культурные процессы в Кыргызстане с древнейших времен до наших дней. - Бишкек, 2007.